КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
**Ош мамлекеттик
университети**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
**Ошский государственный
университет**

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
**Osh State University**

# БУЙРУК № 244

«15» 03 2019-ж.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен (2019-жыл, 13-март, №5 протокол) «2018-жылдагы университеттеги илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер» деген №1 маселе боюнча төмөндөгү кабыл алынган чечим бекитилсин:

1. 2018-жылы Ош мамлекеттик университетинде аткарылган илимий-изилдөө иштери канааттандыраарлык деп эсептелсин.
2. Студенттер, магистранттар, аспиранттар жана жаш окумуштуулардын арасында университеттин 80 жылдык маарекесине арналган “Мыкты илимий эмгек” конкурсун өткөрүүнүн эрежелерин камтыган нормативдик базаны түзүү маселеси колго алынсын.
3. Университеттин базасында колледждердин экономика, медицина, педагогика багыттарында окуп жаткан студенттердин арасында республикалык жана аймактык предметтик олимпиадалар биринчи жолу өткөрүлүп жаткандыгына байланыштуу, олимпиадалардын жогорку деңгээлде өткөрүлүүсү уюштуруу комитеттерине милдеттендирилсин.
4. Эл аралык илимий кызматташтыктарды, байланыштарды күчөтүү жана кеңейтүү максатында университеттин окумуштууларынын чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайларынын, илимий изилдөө институттарынын окумуштуулары менен илимдин жетишкендиктери боюнча маалымат алышууларын, биргелешкен илимий-практикалык конференцияларды, семинарларды, долбоорлорду аткаруу жана илимий кадрларды даярдоо өркүндөтүлсүн.
5. 2019-жылдын 1-январынан баштап ЖАКтын жаңы Тизмесине ылайык “ОшМУнун жарчысы” илимий журналында жарыкка чыгуучу макалаларга берилүүчү балл төмөндөп кеткендигине байланыштуу, анын деңгээлин жогорулатуу менен байланышкан иш-чараларды аткаруу журналдын редакциясына милдеттендирилсин.
6. Профессордук-окутуучулук курамдын илимий макалаларынын импакт-фактору нөлдөн жогору болгон илимий басылмаларда чыгуусу активдештирилсин жана “Scopus”, “Web of science” системалары аркылуу индекстелүүчү илимий басылмаларда илимий эмгектерди жарыкка чыгаруу менен байланышкан маселелерге арналган иш-аракеттер (тренинг-

семинарлар, тегерек столдор ж.б.) жандандырылсын.

7. КРдин Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан диссертациялык жумуштардын сапатына, аларга алдын ала экспертиза жүргүзүүнүн сапатына, эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн жоопкерчилигине өзгөчө көңүл бурулуп жаткандыгына байланыштуу, университеттеги диссертациялык кеңештердин ишмердүүлүгү көзөмөлгө алынсын жана кеңештердеги бардык маалыматтарды университеттин сайтына үзгүлтүксүз жайгаштыруу камсыз кылынсын.

8. Аспиранттардын диссертациялык темаларын тандап алууда аткарылуучу илимий изилдөөлөрдүн натыйжасынын өлкөбүздүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошо турган салымы алардын илимий жетекчилери тарабынан эске алынсын.

9. Университеттеги прикладдык, табигый жана медициналык багыттагы аткарылып жаткан илимий изилдөөлөргө мониторинг жүргүзүлүп, экономикалык эффективдүүлүгү, инвестиция тартуу мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин аныктоо жана ал изилдөөлөргө келечекте курулуп жаткан технопарк лабораторияларынан орун берүү маселеси каралсын.

10. Ош шаарындагы жана Кыргызстандын түштүк аймагындагы социалдык-экономикалык, техногендик, табигый, медициналык ж.б.у.с. актуалдуу маселелер такталып, аларды чечүү жолдорун камтыган илимий долбоорлорду жазуу тиешелүү факультеттер жана кафедралар тарабынан колго алынсын.

11. Жогоруда аталган иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун илимий иштер боюнча проректору, профессор И.Г. Кенжаевге жүктөлсүн.

*Негиз: Окумуштуу катчы М.Т. Байсубановдун рапорту, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.А. Исаков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик
университетинин
Окумуштуулар кеңеши

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Ученый совет
Ошского государственного
университета

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
Academic Council of Osh State University

Ош ш.,723500, Ленина к., 331,
тел.: (+996 3222) 22273, факс: (03222) 24066

г. Ош,723500, ул. Ленина, 331,
тел.: (+996 3222) 22273, факс: (03222) 24066

331,Lenin Street,Osh, 723500
tel.: (+996 3222) 22273, fax: (03222) 24066

## 2019-жылдын 13-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин №5 жыйынындагы «2018-жылдагы университеттеги илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер» деген маселеге карата

## Ч Е Ч И М И

**Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши талкууда берилген сунуштарды эске алып ТОКТОМ кылат:**

1. 2018-жылы Ош мамлекеттик университетинде аткарылган илимий-изилдөө иштери канааттандырарлык деп эсептелсин.
2. Студенттер, магистранттар, аспиранттар жана жаш окумуштуулардын арасында университеттин 80 жылдык маарекесине арналган “Мыкты илимий эмгек” конкурсун өткөрүүнүн эрежелерин камтыган нормативдик базаны түзүү маселеси колго алынсын.
3. Университеттин базасында коллеждердин экономика, медицина, педагогика багыттарында окуп жаткан студенттердин арасында республикалык жана аймактык предметтик олимпиадалар биринчи жолу өткөрүлүп жаткандыгына байланыштуу, олимпиадалардын жогорку деңгээлде өткөрүлүүсү уюштуруу комитеттерине милдеттендирилсин.
4. Эл аралык илимий кызматташтыктарды, байланыштарды күчөтүү жана кеңейтүү максатында университеттин окумуштууларынын чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайларынын, илимий изилдөө институттарынын окумуштуулары менен илимдин жетишкендиктери боюнча маалымат алышууларын, биргелешкен илимий-практикалык конференцияларды, семинарларды, долбоорлорду аткаруу жана илимий кадрларды даярдоо өркүндөтүлсүн.
5. 2019-жылдын 1-январынан баштап ЖАКтын жаңы Тизмесине ылайык “ОшМУнун жарчысы” илимий журналында жарыкка чыгуучу макалаларга берилүүчү балл төмөндөп кеткендигине байланыштуу, анын деңгээлин жогорулатуу менен байланышкан иш-чараларды аткаруу журналдын редакциясына милдеттендирилсин.

6. Профессордук-окутуучулук курамдын илимий макалаларынын импакт-фактору нөлдөн жогору болгон илимий басылмаларда чыгуусу активдештирилсин жана “Scopus”, “Web of science” системалары аркылуу индекстелүүчү илимий басылмаларда илимий эмгектерди жарыкка чыгаруу менен байланышкан маселелерге арналган иш-аракеттер (тренинг-семинарлар, тегерек столдор ж.б.) жандандырылсын.
7. КРдин Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан диссертациялык жумуштардын сапатына, аларга алдын ала экспертиза жүргүзүүнүн сапатына, эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн жоопкерчилигине өзгөчө көңүл бурулуп жаткандыгына байланыштуу, университеттеги диссертациялык кеңештердин ишмердүүлүгү көзөмөлгө алынсын жана кеңештердеги бардык маалыматтарды университеттин сайтына үзгүлтүксүз жайгаштыруу камсыз кылынсын.
8. Аспиранттардын диссертациялык темаларын тандап алууда аткарылуучу илимий изилдөөлөрдүн натыйжасынын өлкөбүздүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошо турган салымы алардын илимий жетекчилери тарабынан эске алынсын.
9. Университеттеги прикладдык, табигый жана медициналык багыттагы аткарылып жаткан илимий изилдөөлөргө мониторинг жүргүзүлүп, экономикалык эффективдүүлүгү, инвестиция тартуу мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин аныктоо жана ал изилдөөлөргө келечекте курулуп жаткан технопарк лабораторияларынан орун берүү маселеси каралсын.
10. Ош шаарындагы жана Кыргызстандын түштүк аймагындагы социалдык-экономикалык, техногендик, табигый, медициналык ж.б.у.с. актуалдуу маселелер такталып, аларды чечүү жолдорун камтыган илимий долбоорлорду жазуу тиешелүү факультеттер жана кафедралар тарабынан колго алынсын.
11. Жогоруда аталган иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун илимий иштер боюнча проректору, профессор И.Г. Кенжаевге жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор** **К.А. Исаков**

**Окумуштуу катчы** **М.Т. Байсубанов**